КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Уч-Коргон айылдык кеңешинини VII чакырылышынын кезексиз XVIII сессиясы**

30-октябрь 2023-жыл

Уч-Коргон айылы

**Уч-Коргон айыл аймагынын бүтүндүүгүн сактап, Чаувай айыл өкмөтүнү Уч-Коргон айыл аймагынын курамына кошуу жөнүндөгү**

**ТОКТОМ №18/1**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы “Кыргыз Республикасынын административдик аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан ары чаралар жөнүндө” Жарлыгын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 25-апрелиндеги №65 “Кыргыз Республикасынын администрациялык аймактык тузүлүшү тууралуу” Мыйзамынын 12-беренесине ылайык жана Уч-Коргон айыл аймагынын бүтүндүүгүн сактап, Чаувай айыл өкмөтүнү Уч-Коргон айыл аймагынын курамына кошуу жөнүндөгү маселени карап, талкуулап чыгып Уч-Коргон айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Уч-Коргон айыл аймагынын административдик территориясынын бүтүндүгү сакталып, Чаувай айыл кеңешинин макулдугу менен Чаувай айыл өкмөтү Уч-Коргон айыл аймагынын курамына кошулушуна макулдук берилсин.

2. Чаувай айыл өкмөтү Уч-Коргон айыл аймагынын курамына киргизүүнү Кадамжай районунун мамлекеттик администрациясына сунушталсын.

3. Тиешелүү маалыматтарды тактоо жана ушул токтомдун так аткарылышы айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б.Юрсунов**